өздөштүрүүсү сунушталган методиканын функционалдык сабаттуулукту өнүктүрүүдөгү жогорку натыйжалуулугун далилдеди.

Мектеп биология мугалимдери жана методисттер үчүн практикалык сунуштар:

1. Мектепте биологиянын ар бир бөлүмү жана темасы боюнча окуучулардын 4К көндүмдөрүн өнүктүрүүчү деңгээлдик контексттик тапшырмалардын атайын дидактикалык банкын иштеп чыгуу зарыл.
2. Тапшырмалардын курамына өсүмдүктөрдүн же организмдердин физиологиялык өзгөрүүлөрүн чагылдырган реалдуу графиктерди, схемаларды жана таблицаларды үзгүлтүксүз кошуу сунушталат.
3. Окуучуларды баалоодо куру аныктамаларды сурабай, алардын илимий далилдерге таянган кеңири жоопторун, логикалык корутундуларын жана топтук креативдүү долбоорлорун баалоого өтүү талап кылынат.

Колдонулган адабияттар

1. OECD. PISA 2018 Assessment and Analytical Framework: Mathematics, Reading, Science, Problem Solving and Financial Literacy. – Paris: OECD Publishing, 2019. – 308 p. – URL: https://doi.org/10.1787/b25efab8-en
2. Алыбаев А. А. Мектепте биологияны окутууда компетенттүүлүк мамиле жана дидактикалык материалдар. – Бишкек: Кут-билим, 2021. – 144 б.
3. Баранов Р. Б. Илимий сабаттуулукту жана 4К көндүмдөрүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери // Педагогика журналы. – 2022. – № 4. – Б. 45–52.
4. Быков А. А. Контекстные задачи по биологии как средство формирования функциональной грамотности учащихся. – Москва: Просвещение, 2020. – 128 с.
5. Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы 2021–2030-жж. – Бишкек: КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2021. – 48 б.

УДК: 398.4

ПАМЫР КЫРГЫЗДАРЫНЫН ТЫЙЫМДАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН МАДАНИЯТТЫК МААНИСИ

Сайпидин Ысак - Доцент, *Түндүк батыш педагокикалык университети*
Ланжов шаары., Кытай
caifuding1986621@163.com

ЗАПРЕТЫ ПАМИРСКИХ КЫРГЫЗОВ И ИХ КУЛЬТУРНОЕ ЗНАЧЕНИЕ

Сайпидин Ысак, доцент
Северо-Западный педагогический университет
г. Ланьчжоу, Китай
e-mail: caifuding1986621@163.com

TABOOS OF THE PAMIR KYRGYZ AND THEIR CULTURAL SIGNIFICANCE

Saipidin Ysak, Associate Professor
Northwest Pedagogical University
Lanzhou, China
e-mail: caifuding1986621@163.com

Аннотация

Памир кыргыздарынын элдик тыюулары бул көчмөн коомдун экологиялык акылмандыгын, сотсыалдык нормаларын жана рухий ишенимдерин, тазалыгын камтыган салттуу маданияттин маанилүү бөлүгү болуп, изилдөөнүн жыйынтыгында бул аймактагы тыюулар системасин өмүр тсикли жана үй-бүлөлүк жөрөлгөлөргө байланыштуу тыюулар, мал чарбачылык жана жаныбарларга байланыштуу тыюулар, тамак-аш жана материалдык турмушка байланыштуу тыюулар, табият, мезгил-мейкиндик жана экологияга байланыштуу тыюулар, тил жана коомдук мамиле адебине байланыштуу тыюулар, ишенимдер, ыйык жерлер жана тазалыкка байланыштуу тыюулар сыяктуу алты чоң багытка бөлүп системалаштирууга болот. өмүр тирүүлүк тсикли жана үй-бүлөлүк жөрөлгөлөргө байланыштуу тыюулар - төрөлүү, ысым коюу, үйлөнүү, сыяктуу негизги жашоо этаптариндагы жүрүм-турум нормаларын камтыса, мал чарбачылык жана жаныбарларга байланыштуу тыюулар - мал айдоо, союу, көбөйтүү жана жапайы айбанаттар менен байланыштагы чектоолорду жана эрежелерди камтыйт. Тамак-аш жана материалдык турмушка байланыштуу тыюулар - тамак-аш даярдоо, тамактануу этикети, кийим-кече жана күнүмдүк буюмдарды колдонуудагы тыюуларды камтыйт. Табият, мезгил-мейкиндик жана экологияга байланыштуу тыюулар - тоолорго, суу булактарына, мезгилдик өзгөрүүлөргө, дүйнө тараптарына жана биоресурстарга болгон сый-урматты жана коргоо эрежелерин чагылдырат.

Түйүндүү сөздөр: *памыр кыргыздары, тыйым, маданият, маании*

Аннотация

Народные запреты памирских кыргызов — это важная часть традиционной культуры, отражающая экологическую мудрость, социальные нормы, духовные верования и представления о чистоте кочевого общества. В результате исследования систему запретов в данном регионе можно систематизировать, разделив её на шесть основных направлений: запреты, связанные с жизненным циклом и семейными обрядами; запреты, связанные с животноводством и животными; запреты, связанные с пищей и материальным бытом; запреты, связанные с природой, пространственно-временными факторами и экологией; запреты, связанные с языком и этикой общественных отношений; а также запреты, связанные с верованиями, святыми местами и чистотой. При этом запреты, связанные с жизненным циклом и семейными обрядами, включают нормы поведения на основных этапах жизни, таких как рождение ребенка, наречение именем и свадьба, а запреты, связанные с животноводством и животными, охватывают ограничения и правила при перегоне скота, забое, разведении и взаимодействии с дикими животными. Запреты, связанные с пищей и материальным бытом, включают запреты при приготовлении еды, правила пищевого этикета, а также использование одежды и предметов повседневного обихода. Запреты, связанные с природой, пространственно-временными факторами и экологией, отражают правила уважения и охраны гор, водных источников, сезонных изменений, сторон света и биоресурсов.

***Ключевые слова**: памирские кыргызы, запрет, культура, значение*.

Abstract

The traditional taboos of the Pamir Kyrgyz are an important part of traditional culture encompassing the ecological wisdom, social norms, spiritual beliefs, and standards of cleanliness of a nomadic society. As a result of the research, the system of taboos in this region can be systematized into six major areas: taboos related to the life cycle and family rituals, taboos related to animal husbandry and animals, taboos related to food and material life, taboos related to nature, space-time, and ecology, taboos related to language and the ethics of social relations, and taboos related to beliefs, sacred places, and cleanliness. While taboos related to the life cycle and family rituals encompass behavioral norms during major life stages such as birth, naming, and marriage, taboos related to animal husbandry and animals cover restrictions and rules regarding herding, slaughtering, breeding, and interactions with wild animals. Taboos related to food and material life include prohibitions on food preparation, dining etiquette, and the use of clothing and everyday items. Taboos related to nature,

space-time, and ecology reflect the rules of respect and protection toward mountains, water sources, seasonal changes, cardinal directions, and biological resources.

Keywords: *Pamir Kyrgyz, taboo, culture, meaning.*

Киришүү Өмүр цикли жана үй-бүлөлүк жөрөлгөлөргө байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын салттуу маданиятында адамдын төрөлүшү, баланын чоңоюшу, кыздын бой жетиши, никеге туруу жана жаңы үй-бүлөгө аралашуу сыяктуу өмүр тсиклинин маанилүү баскычтары ар кандай тыюулар, ырым-жырымдар жана жүрүм-турум эрежелери менен коштолгон. Бул тыюулар бир жагынан адамды ар кандай жамандыктан, көз тийүүдөн жана белгисиз күчтөрдүн таасиринен сактоого багытталса, экинчи жагынан жаш муунду адептүүлүккө, улууну урматтоого жана үй-бүлөлүк тартипке көнүктүрүүчү жазылбаган коомдук норма катары кызмат кылган. Материалдарга караганда, бул топтогу тыюуларды төмөнкүдөй бөлүүгө болот. (1)төрөткө жана кош бойлуулукка байланыштуу тыюулар

Төрөт кыргыздардын салттуу түшүнүгүндө өтө аяр жана кооптуу мезгил катары кабыл алынган. Ошондуктан толгоосу келген аял жаткан үйгө айылдагы кишилердин жөнү жок кирип-чыгуусуна, айрыкча эркектердин киришине тыюу салынган. Элдик түшүнүк боюнча, бөтөн адамдардын кирип-чыгыши төрөп жаткан аялдын толгоосун «суутуп», төрөттү оорлотушу мүмкүн деп эсептелген. Ошондой эле «карасы бар» деп эсептелген кишилерди төрөт жаткан үйгө киргизишкен эмес алардын терс күчү же жин-шайтан менен байланышы төрөгөн аялга зыян тийгизет деген ишеним болгон. Кош бойлуу аялга байланыштуу да айрым тыюулар кездешет. Мисалы, боюнда бар аялдын капка отуруусуна тыюу салынган. Ошондой эле башка бөлүмдөгү материялдарда кош бойлуу аялга кайберендин этин берүү мергендин жолу менен байланыштуу жаман жышаан катары каралганы айтылат.

Бул тыюулардан төрөттүн биологиялык протсесс катары гана эмес, эне менен баланын коопсуздугун сактоону талап кылган өзгөчө өтмө абал катары кабыл алынганын көрүүгө болот.

(2)бөбөк жана кичине балага байланыштуу тыюулар

Кичине бала, айрыкча бир жашка чейинки бөбөк, элдик түшүнүктө сырткы терс таасирлерге өтө сезгич деп эсептелген. Ошондуктан ага байланыштуу тыюулардын басымдуу бөлүгү баланы коргоого багытталган.

Кичине баланы шыпыргы же туткуч менен урууга болбойт шыпыргы менен урса бою өспөй же таз болуп калат, туткуч менен урса «дубанадай болуп калат» деп ишенишкен. Баланын башына урууга да тыюу салынган. Бул бир жагынан башты адамдын эң маанилүү мүчөсү катары урматтоо менен, экинчи жагынан баланы денелик жаракаттан сактоо менен байланыштуу.

Бир жашка чейин баланын тырмагын албоо салты да болгон. Элдик түшүндүрмөдө адам оокат-тиричиликти «тырмактап жыйнайт» деп кабыл алынгандыктан, баланын тырмагын эрте алуу анын келечекте мал-мүлккө, оокатка бекем болбой калышына алып келет деп эсептелген.

Бөбөктү караңгыда сыртка алып чыгууга болбойт, анткени «белгисиз нерселер жабышып алат» деген ишеним болгон. Ошондой эле баланы ашыкча мактап, суктанып сүйлөөгө тыюу салынган: андай учурда көз тиет деп эсептешкен. Айрым учурда эркек баланы кыз баладай кийинтип, кооздугун жашыруу же бөтөн кишилерге көрсөтпөө да көз тийүүдөн сактануунун жолу катары колдонулган. Демек, бул топтогу тыюуларда көз тийүү ишениими, баланын өмүрүн сактоо жана тарбыялык көзөмөл өз ара айкалышып турат.

(3)кыз баланын бой жетишине жана жүрүм-турумуна байланыштуу тыюулар

Кыз баланын тарбиясина байланыштуу тыюулар материалдардин эң көлөмдүү бөлүктөрүнүн бири. Эл ичинде бул көрүнүш «кызга кырк жерден тыюу» деген түшүнүк менен берилет. Кыздын отурушу, басышы, сүйлөшү, күлүшү, кийиниши, чачын тарашы, тамак ичиши жана эркектер менен мамилеси коомдук көзөмөлдө болгон. Бул талаптар кызды адептүү, ыйбаалуу кылып тарбиялоонун, келечекте жакшы жар жана эне болууга даярдоонун жолу катары түшүндүрүлгөн.

Мисалы, кыз бала улуулардын алдынан кесип өтпөйт, аларга артын салбайт жана эркек кишиге тик карабайт. Эркек баланы теппейт бутун талтайтып же учкаштыртып отурбайт чалкасынан жатпайт эл алдында чачын тарабайт каткырып катуу күлбөйт.

Чачка байланыштуу өзгөчө символика болгон. Бой жеткен кыз чачын жайбайт, кара кийбейт, анткени чачын жайып, кара кийүү көбүнчө күйөөсү каза болгон аялдын аза күтүү белгиси катары кабыл алынган. Кыздын чачын кыска кыркуусу да салттуу нормага туура келбеген.

Тамак-ашка байланыштуу да кыздарга арналган өзүнчө чектөөлөр кездешет: кыз бөйрөк, шыйрак, томук же кызыл өңгөч сыяктуу айрым мүчөлөрдү жебейт деген тыюулар болгон. Мисалы, томук мүлжүсө күйөөгө тийбей калат, кызыл өңгөч жесе күйөөгө себи жок кетет деген ишеним айтылган. Материалдардин дагы бир тобу кыздын эмгектик жана адептик тарбиясина байланыштуу: кыз уйкучу болбошу, үй тиричилигин жана саан иштерин билиши, кеште тиге алышы, кийими таза жана иреттүү болушу, ушак айтпашы, катуу күлүп-кекирбеши, денесин жат кишилерге көрсөтпөшү керек деп эсептелген.

Бул тыюулардан кыз баланын тарбиясинда ыйбаа, улууну урматтоо, дене жүрүм-турумун көзөмөлдөө, эмгекчилдик жана келечектеги үй-бүлөлүк ролго даярдоо негизги орунда турганын көрүүгө болот. (4)үйлөнүүгө чейинки кыз-жигит мамилесине жана никеге байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын үйлөнүү салтында болочок күйөө балага карата өзгөчө тыюу болгон. Той өткөрүлгөнгө чейин күйөө бала кыздын айылына эркин бара алган эмес. Кыздын айылы күйөө үчүн шарттуу түрдө «тыюу салынган мейкиндик» болуп эсептелген. Эгер күйөө бала атайылап же билбей кыздын айылына кирип калса, кыз тараптын жеңелери аны кооздолгон бел жоолуктар менен «кармап» байлап алышат, андан соң күйөө тарап кой союп, тон жаап же башка түрдө сый көрсөтүп куткарып кеткен. Бул салт эл арасында «күйөө таңды» деп аталган.

Тойго байланыштуу жалпы нормалардын арасында батаны бузбоо, жакын туугандардын өз ара үйлөнүшүнө жол бербөө жана ника кыйылганда эл-журттун батасын, ыраазычылыгын алуу зарыл деп эсептөө сыяктуу талаптар да кездешет.

Мындан тышкары, учук салмай деп аталган кыз-келиндер кол өнөрчүлүк менен алектенип жаткан жерге эркектердин кирүүсү чектелген. Эгер эркек кирип калса, аялдар ага «учук салган». Бул «учук салмай» салтынын ичинде кыз-жигиттердин бири-бирин сынаган оюндук-салттык мааниси да болгон: жигит кыздардын уздугун, кыздар болсо жигиттин марттыгын сынаган.

Бул материалдар никеге чейинки мамилелерде эркек менен аялдын ортосундагы аралыкты сактоо, эки үй-бүлөнүн аброюн коргоо жана коомдук көзөмөл күчтүү болгонун көрсөтөт.

(5)күйөө баланын кайын журттан качуусу.

Никеге байланыштуу өзгөчө жүрүм-турум нормаларынын бири - күйөө качуу. Той жасалганга чейинки мезгилде күйөө бала кайнатасы менен кайненесине көрүнбөөгө аракет кылган. Алар отурган жерде кошо отуруп сүйлөшпөй, жолугуп калса саламын берип чыгып кеткен. Бул чектөө той бүткөндөн кийин акырындап токтоп, күйөө бала кайын журту менен кадимки мамилеге өтө баштаган. Бул салтты жөн гана «качуу» катары эмес, кайын журтка карата ийменүү жана жаңы туугандык мамилени акырындык менен мыйзамдаштыруучу рытуалдык аралык катары чечмелөөгө болот. (6)келиндин кайын журттагы жүрүм-туруму жана тергөө салты.

Келинге байланыштуу тыюулар үй-бүлөлүк жөрөлгөлөрдүн эң системалуу бөлүгүн түзөт. Келин кайнатасынын, кайын агаларынын жана улуу туугандардын алдынан өтпөйт, аларга артын салбайт, тик карап сүйлөбөйт, төргө өтпөйт, катуу күлүп-сүйлөбөйт. Кайнатасы отурган орунга отуруу, анын кийимин тебелөө, аттоо же кийүү да тыюу катары кабыл алынган.

Келиндин улуу кайын туугандарынын атын түз атабашы тергөө салты менен байланышкан. Ал кайын туугандарын кесибине, жашына, үй-бүлөлүк ордуна же башка өзгөчөлүгүнө жараша чоң акем, мерген акем, уста акем, ортончу акем, кичи акем, баланчанын атасы, баланчанын энеси

сыяктуу аталыштар менен атаган. Ат тергөө кээде ошол кишинин ысымындагы сөзгө да жайылган: Мисалы, аты «кара» болсо «ымырт», «балта» болсо «чоң керки» сыяктуу башка сөз менен алмаштырып айткан.

Келин кайын журтунда төрдү баспоо, жылаң баш же жылаң аяк көрүнбөө, үйгө жүгүнбөй кирбөө сыяктуу нормаларды да сактаган. Өз кезегинде кайын ата менен кайын агалар да келинге орой сүйлөбөй, ага үлгү көрсөтүп, сылык мамиле кылууга тийиш болгон. Демек, бул мамиле бир тараптуу гана баш ийдирүү эмес, салттуу түшүнүктө өз ара урмат жана ролдук милдеттердин системаси болгон. Келин көчүрүлүп келгенде дагы бир катар ырымдык тыюулар аткарылган. Мисалы, кайнене келин үйгө кирген учурда оозун бекем жумуп сүйлөбөй отурган мунун мааниси «келин менен кайненениң ортосунда суук сөз, каяша болбосун» деген тилек менен түшүндүрүлгөн. Ошондой эле келинди төркүнүнөн чыгарганда жана күйөө тарапка алып келгенде жер бастырбай алып жүрүү салты болгон.

Элдик ишеним боюнча, келин жер басса төркүнүндөгү кандайдыр бир жамандыкты жаңы үйгө кошо ала келет деп эсептелген.

Бул топтогу материалдарди жалпылаганда, памир кыргыздарынын өмүр тсиклине жана үй-бүлөлүк жөрөлгөлөрүнө байланыштуу тыюулар төрөттү жана наристени коргоо, кыз баланы тарбиялоо, никеге чейинки мамилелерди жөнгө салуу, эки үй-бүлөнүн ортосундагы чекти сактоо, келин-күйөөнүн жаңы туугандык системага кошулуусун тартипке салуу жана улуу-кичүү иерархиясин бекемдөө сыяктуу бир нече негизги функтсыяны аткарганы байкалат. Бул тыюулардын бир бөлүгү көз тийүү, кесепет, ырыс-кут жана табияттан тыш күчтөр жөнүндөгү ишенимдер менен байланышса, дагы бир бөлүгү күнүмдүк турмушта калыптанган этикалык жана сотсыалдык нормаларды камтыйт. Ошондуктан аларды жөн гана «жаман болот» деген ишенимдердин жыйындысы эмес, үй-бүлөлүк мамилелерди, жыныстык жана муундук ролдорду жөнгө салган жазылбаган маданий код катары кароого болот.

Мал чарбачылык жана жаныбарларга байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын салттуу турмушунда мал чарбачылык негизги тиричилик булагы болгондуктан, мал-жандыкка, аңчылыкка жана үй жаныбарларына байланыштуу тыюулар өзгөчө орунду ээлейт. Бул тыюулардын бир бөлүгү малдын көбөйүшүн, амандыгын жана берекесин сактоого багытталса, дагы бир бөлүгү жаныбарларга аяр мамиле кылуу, аңчылыктагы ченемди сактоо, көз тийүүдөн жана жаман жышаандан сактануу сыяктуу түшүнүктөр менен байланышкан. Айрым тыюулар болсо узак мөөнөттүү малчылык тажрыйбанын негизинде пайда болгон практикалык эрежелерди камтыйт.

(1)аңчылыкка байланыштуу тыюулар Памир кыргыздарынын аңчылык маданиятында кайберен өзгөчө мааниге ээ болгон. Кайберендин этин бойкат аялдарга берүү туура эмес деп эсептелген. Элдик түшүнүк боюнча, бойкат аял мерген алган кийиктин этинен жеп калса, мергендин «капкасы кырсыгып», мергенчиликтен жолу болбой калат деп ишенишкен.

Мындан тышкары, кайберендер туут мезгилинде аң уулоого тыюу салынган. Мындай учурда аңчылык кылган адам «кайыптын каргышына калат» деп каралган. Бул тыюу бир жагынан аңчылык ишенимдери менен байланышса, экинчи жагынан жапайы жаныбарлардын көбөйүү мезгилин коргоого багытталган салттуу экологиялык түшүнүктү да көрсөтөт.

(2)мал саноого байланыштуу тыюулар

Мал-жанды саноодо сөздү этият колдонуу маанилүү болгон. Мал саналып бүткөндө «түгөдү» деп айтууга болбой, анын ордуна «байыды» деп айтуу талап кылынган. Бул жерде «түгөдү» сөзү азаюу, жок болуу маанисин туюнтуп, малдын ырыскысына терс таасир берет деген ишеним жаткан. Ошондой эле кишини сөөмөй менен көрсөтүп саноого да тыюу салынып, көз менен же ичинен гана саноо туура деп эсептелген.

Мал төлдөп жаткан учурда төлдөрдү саноо да жакшы жышаан катары кабыл алынган эмес. Санап койсо төл жоголот же өлүп калат деп ишенишкен. бул тыюулар малдын санына

байланыштуу сөз менен иш-аракеттин өзүндө магиялык күч бар деген салттуу түшүнүктү чагылдырат.

(3)жылкыга байланыштуу тыюулар

Жылкы памир кыргыздарынын чарбасында жана көчмөн жашоосунда өзгөчө орун ээлегендиктен, ага байланыштуу бир катар тыюулар калыптанган: аттын башына камчы урбоо , айыл ичинде ат чаппоо , минип бараткан аттын жалына бут чыгарбоо , атты ачка койбоо. Эл арасынан жыйнаган материалда ат аксап калса, баланын заарасы менен бутун жуу деген ырымдык аракет да айтылат. Бул тыюулардын ичинен аттын башына урбоо жана ачка койбоо сыяктуу эрежелер жылкыны кадырлоо жана ага аяр мамиле кылуу менен байланыштуу болсо, айрымдары символикалык жана ырымдык мүнөзгө ээ.

(4)койго байланыштуу тыюулар

Кой кыргыздардын салттуу чарбасындагы негизги малдын бири болгондуктан, ага карата да бир катар чектөөлөр сакталган. Койду урууга, сөгүүгө, минүүгө жана жүндөөгө(жүнүдөн кармап таруу) болбойт деп эсептелген.

Жаңы туулган төлдү дароо кармоого болбойт деген тыюу да болгон. Элдик түшүнүк боюнча, адамдын колунун «заары» өтүп кетсе, төл жакшы тороло албай калышы мүмкүн. Мындан тышкары, үйлөнүү тоюнда союлган койдун башын конокко бербөө сыяктуу өзгөчө тыюу кездешет. Мунун себеби кыз да «бир баш», союлган кой да «бир баш» деп эсептелип, эки «башты» бир убакта каршы тарапка берүүгө болбойт деген символикалык түшүнүк менен байланышкан.

(5)котозго байланыштуу тыюулар

Котоз памирдин бийик тоолуу шартында өзгөчө маанилүү чарбалык мал болгондуктан, ага байланыштуу тыюулар салыштырмалуу кеңири сакталган.

Котоз башка үйдөн кошумча, калың же сүт акы катары алынып келип, кайра мурдагы ээсинин үйүнө качып кетсе, бул жаман жышаан катары кабыл алынган. Мындай көрүнүш үй-бүлөдөгү бирөөнүн каза болушуна жорулган. Качып барган котозду мурдагы ээси кайра бербеши керек деген түшүнүк да болгон. Котоз жаңы тууганда өзүнүн чөбүн жеп алса, сүтү азайып же кайтып кетет деп эсептелип, аны эл баспаган жерге көмүп же итке берип коюшкан. Котоздун желинин урууга, тепкиге же кир кол менен кармоого тыюу салынган. Саар алдында кол жууп, «бысмылла» деп саан баштоо талап кылынган. Сүтү толуп турган котоздун желинине ашыкча суктанып кароого да болбойт деп ишенишкен. Мындай учурда көз тийип, желин сезгенип же малга жана төлүнө зыян келет деп каралган. Бул тыюу мал чарбачылыктагы көз тийүү ишеними менен түз байланышат. Элдик материалда котоздун желини сезгенген учурда ак чүпүрөк, муздак суу жана үч жолу кайталанган ырымдык аракеттер колдонулганы да айтылат. Бул көрүнүш малды дарылоодо элдик ишеним менен практикалык тажрыйбанын бирге жашаганын көрсөтөт.

(6)төөгө байланыштуу тыюулар.

Памир кыргыздарынын чарбасында төө жылкы же котоз сыяктуу кеңири пайдаланылбагандыктан, ага байланыштуу тыюулар салыштырмалуу аз кездешет.

Кош бойлуу аялга төөнүн этин жегенге тыюу салынган. Элдик ишеним боюнча, төөнүн этин жеген аял баласын тогуз ай эмес, он эки айга чейин көтөрүп калышы мүмкүн деп эсептелген. Ошондуктан төрөтү кечигип калган аялга «төөнүн этин жедиң беле?» деп айтып коюшкан.

Төө тууганда кийин бир нече күнгө чейин инген менен тайлактын ортосунан өтүүгө да тыюу салынган. Андай болсо энеси тайлагын жерип, эмизбей коюшу мүмкүн деп каралган. Ошондой эле төө ургаачы тайлак тууган учурда да энесинин «жүгү жеңил болсун» деген ишеним менен «еркек тууду» деп айтуу салты кездешкен.

(7)итке байланыштуу тыюулар

Ит көчмөн турмушта мал кайтарууда, аңчылыкта жана үй-жайди коргоодо маанилүү жардамчы болгон. Ошондуктан ага байланыштуу тыюуларда бир жагынан урматтоо, экинчи жагынан

практикалык байкоо айкалышып турат. Ит күчүктөгөндө күчүктөрүнүн көзү ачылганга чейин аларды башка жерге көчүрүүгө болбойт. Иттин уясына, айрыкча бөтөн кишинин барышы да туура эмес деп эсептелген, анткени эне ит күчүктөрүн кызганып, адамды тиштеп алышы мүмкүн. Эл арасында күчүктөрдү эрте көчүрсө энеси жеп коюшу мүмкүн деген түшүнүк да болгон. Итти ачка калтырууга болбойт. Бул тыюу иттин адамга тийгизген пайдасын баалоо жана жаныбарга камкор мамиле кылуу түшүнүгү менен байланышкан. Итке минүүгө да тыюу салынган. Элдик түшүнүктө итке минүү кедейчиликтин белгисин туураган иш катары кабыл алынып, «итке минип калган» деген сөз жакырчылык менен байланышкан. Ит сийип же чычып жатканда карабоо (караса көзгө тирсек чыгат деп каралган), иттин аягын теппөө, сары түстүү итти өлтүрбөө сыяктуу тыюулар да кездешет.

(8)мышыкка байланыштуу тыюулар Мышык тууганда аны түз «тууду» дебей, жергиликтүү тилде «асландады» деп айтышкан. Мышык асландагандан кийин үч күнгө чейин балдарын көрүүгө же башка жерге көчүрүүгө болбойт деп эсептелген. Андай кылса энеси балдарын жеп коёт деген ишеним болгон. Мышыкты теппөө жана кыйнабоо керек деп эсептелген. Бул «убал» түшүнүгү менен байланышып, жаныбарга жасалган зомбулуктун жоопкерчилиги акыретте кайтып келет деген ишеним болгон. Уктап жаткан мышыкты ойготууга да болбойт деген тыюу кездешет. Бул тыюу эл ичинде пайгамбарга байланышкан диний баян менен түшүндүрүлгөн.

Сөздү жыйнактап айтканда, памир кыргыздарынын мал чарбачылык жана жаныбарларга байланыштуу тыюуларын жалпылаганда, аларды шарттуу түрдө төрт негизги функтсыяга бөлүүгө болот: малдын тукумун жана берекесин сактоо адам менен жаныбардын ортосундагы аяр мамилени жөнгө салуу чарбалык тажрыйбадан чыккан коопсуздук жана практикалык эрежелерди муундан муунга өткөрүү көз тийүү, кайып, убал, жышаан сыяктуу салттуу ишенимдер аркылуу мал-жанды коргоо Өзгөчө белгилей турган нерсе - бул тыюуларда памирдин бийик тоолуу малчылык чөйрөсү ачык көрүнөт. Котозго байланыштуу материалдардин молдугу, кайберенди туут маалында атпоого байланышкан тыюу, жаңы төлдү сактоо, малды ачка калтырбоо сыяктуу нормалар бул аймактагы тыюулар жөн гана мистикалык түшүнүктөрдөн эмес, көп кылымдык малчылык жана экологиялык тажрыйбадан да калыптанганын көрсөтөт. Ошондуктан аларды памир кыргыздарынын мал чарбачылык билиминин, экологиялык аң-сезиминин жана этномаданий дүйнө таанымынын бир бөлүгү катары кароого болот.

III. Тамак-аш жана материалдык турмушка байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын салттуу турмушунда тамак-аш, дасторкон, эт тартуу, ашкана буюмдары, үй тиричилик шаймандары жана кийим-кечекке байланыштуу тыюулар кеңири орун алган. Мындай тыюулар күнүмдүк жашоонун жөнөкөй эрежелери менен гана чектелбестен, ырыс-кут, береке, тазалык, улууну урматтоо, меймандостук жана буюм-тайымдарды кадырлоо жөнүндөгү түшүнүктөр менен тыгыз байланышкан. Өзгөчө нан, сүт азыктары, дасторкон, казан жана баш кийим сыяктуу нерселерге карата жасалган мамиледе алардын кадимки тиричилик буюму гана эмес, белгилүү даражада сымволдук жана маданий баалуулукка ээ экени байкалат.

(1)тамак-аш даярдоого жана азык-түлүктү кадырлоого байланыштуу тыюулар

Нанга өзгөчө урмат менен мамиле жасалган. Нанды дасторконго көмкөрөсүнөн коюуга, тепсөөгө, кор кылууга жана бир кол менен сындырууга болбойт деп эсептелген. Камырды аттоого да тыюу салынган камыр аттапса, анын «аласы ирип калат» деген ишеним болгон. Нан бышырылып жатканда бөтөн кишилердин, айрыкча эркектердин тандырга башын салып карашы туура эмес деп эсептелген. Мындай учурда нан тандырга жабышпай түшүп калат деп ишенишкен.

Ак деп аталган сүт жана сүттөн жасалган азыктар да өзгөчө баркталган. Сүттү, айранды жана башка ак азыктарды төгүүгө, кор кылууга же жаман сөз менен сөгүүгө тыюу салынган. Ак азыктар турган ашканага эркектердин жөнү жок кириши ашкананын берекесине терс таасир

берет деп каралган. Ошондой эле эркектердин түйшүккө өтүшү да туура эмес деп эсептелип, «түйшүктүн берекеси кетет» деген түшүнүк болгон.

Өпкө куюуда да өзгөчө тыюу сакталган. Өпкө куюлуп жаткан учурда аны кичине балдарга жана көзү тийиши мүмкүн деп эсептелген адамдарга көрсөтпөөгө аракет кылышкан. Эгер мындай адам көрүп калса, өпкөнүн бетинде көзгө окшогон мөлтүрөгөн тегерекчелер пайда болуп, өпкө жарылып, ичине куюлган сүт же камыр агып кетет деп ишенишкен. Ошондуктан аялдар өпкөнү көбүнчө далда жерде даярдап, казанга салынгандан кийин гана башкаларга көрсөтүшкөн.

Тамакты тандап жегенге, тамакты кор кылганга жана даярдалган ашка нааразы мамиле жасаганга да жол берилген эмес. Чайды ашыкча шркыратып, көбүртүп куюу туура эмес деп эсептелген. Бул эрежелердин негизинде тамак-ашты ырыскы, береке катары кабыл алуу жана аны ысырап кылбоо түшүнүгү турган.

(2)тамактануу жана дасторкон адебине байланыштуу тыюулар

Дасторкон четиндеги жүрүм-турум салттуу үй-бүлөлүк адептин маанилүү көрсөткүчү болгон. Даяр болгон тамакты күттүрүүгө болбойт дасторкон жайылып, тамак даяр болгондо үй-бүлө мүчөлөрү иштерин токтотуп, тамактанууга отурушу керек болгон. Тамак үстүндө улуулар менен төр талашууга жол берилген эмес. Төрдөгү орун жашка, үй-бүлөлүк даражага жана үйдөгү ордуна жараша бөлүштүрүлгөн. Үй ээсинен мурда тамакка кол салуу да адепсиздик катары кабыл алынган. Жаңы бышкан нан, тамак же кымыздан адегенде үй ээси ооз тийген үй ээси жок учурда анын үлүшү алдын ала бөлүнүп коюлуп, андан кийин башкалар тамактанган.

Тамактанып жатканда көп сүйлөөгө, улуулар менен сөз талашууга, оозду ачып чалпаңдатып чайноого жана суюк тамакты шорулдатып ичүүгө болбойт. Оозго тамак толтуруп туруп сүйлөө же күлүү да адепсиздик катары кабыл алынган. Бирөөнүн алдындагы тамакка кол сунбай, ар ким өз алдынан жеши керек болгон.

Ашты үйлөп ичүүгө, суу, сүт, кымыз, чалап сыяктуу суюктуктарды тынып ичүүгө, тамак ичкенде шортулдатып үн чыгарууга тыюу салынган. Суюктукту тынганда мурундан чыккан таза эмес нерселер суусундукка аралашып кетиши мүмкүн деген түшүндүрмө берилген. Суу же башка суусундукту туруп эмес, отуруп, акырын ууртап ичүү туура деп эсептелген.

Тамакты жатып алып же басып жүрүп жегенге болбойт. Жатып тамак жеген адамдын үстүнөн шайтан секирип өтөт деген ишеним да болгон. Тамактан кийин дароо жатып калуу да жакшы эмес деп эсептелип, андай адамды «соргок кемпир аттап кетип, соргок болуп калат» деп эскертишкен. Айтпасада, азыркы күндө тамак ичип болуп дароо эле жата калуу ашказандын жүгүн оорлотуп, акырындап ашказан ооруларын келтирип чыгарары далилденип жатат. Дасторкондо өлүм-житим, ыплас нерселер, адамдын же жаныбардын чыгындылары жөнүндө сөз кылууга, ошондой эле чочко сыяктуу арам деп эсептелген жаныбарларды кеп кылууга болбойт. Мындай сөздөр дасторкондогулардын табитин бузуп, тамактан жийиркенүүгө алып келет деп эсептелген.

Кашык же чөкө менен качага ургулап үн чыгарууга, этти ач бөрүдөй тиштеп жулуп жегенге болбойт этти бычак менен кесип, адеп менен жеш керек болгон. Тамак бүткөндөн кийин сөзсүз бата кылынган. Дасторконду тескери салууга, дасторконсуз тамактанууга, дасторконду тебелөөгө, анын үстүнө отурууга же жатууга катуу тыюу салынган.

(3) эт тартуу жана устукан бөлүштүрүүгө байланыштуу тыюулар

Эт тартуудагы тыюулар кыргыздардын жаш-жыныс, туугандык даража жана коомдук ордун айырмалаган салттуу тартип менен байланышкан. Устукан алган адам андан өзү ооз тиймейинче башкаларга кесип бербеген. Алгач берилген мүчөдөн ооз тийип, ыраазычылык билдиргенден кийин гана аны дасторкондогулар менен бөлүшкөн. Бул эрежени сактабагандык тарбиянын начардыгы катары кабыл алынган.

Аял кишиге баш тартылбайт жана аял баш мүлжүбөйт. Аял кишиге устукан катары уча да берилген эмес. Уча жылкы союлганда чыгып, той-аштарда жашы, жолу жана даражасы улуу

адамдарга тартылган. Үйлөнүү тоюнда уча кудалардын ичинен жол-жобосу улуусуна берилген. Уча алган адам аны тарткан кишиге ырым катары акча же башка нерсе кыстарып койгон.

Конокторго мүчө катары ич эттен көтөн чучук, жумур, ошондой эле ооз омуртка жана күң жилик тартылбайт. Күң жиликти эркектер алышпаган, ал келиндерге берилген. Ич эттердин ичинен май чучуктан башкасын үй ээси балдары менен жеген. Төш да жалпы конокко тартылбай, үй ээсинин кыздарына сакталган кыз төркүнүнө конокко келгенде бышырып берүү салты болгон.

Устуканды улуу адамдар бөлүштүрбөйт, дасторкондо отургандардын ичинен кичүүсү устукандап берет. Кыз балага кекиртек жедирилген эмес «күйөөгө себи жок кетип калбасын» деген ишеним менен бул мүчөдөн тыйышкан. Кыздарга баш мүлжүлүп жатканда «саймачы бол» деген тилек менен таңдай берүү салты да болгон. Келинге тил берилбейт. Тил жесе «тилдүү болуп калат», «тили узун болуп кетет» деген түшүнүк болгон. Баш мүлжүгөн адам эки көздүн бирин өзү жеп, экинчисин жакшы көргөн кишисине «көздөшүп жүрөлү» деген ниет менен берген.

(4) идиш-аяк жана ашкана буюмдарына байланыштуу тыюулар

Тамак же чай сунууда идишти сол кол менен берүү же алдыга түртүп коюу сыйлабастык катары кабыл алынган. Чыны, табак жана башка идиштер оң кол менен сунулуп, оң кол менен алынган. Сынык же кетик чыныга конокко чай куюп берүүгө да болбойт. Мындай идиш менен тамак же чай ичкен адамдын ырысы кемийт деген түшүнүк болгон.

Казанды көмкөрүп коюуга тыюу салынган. Казан көмкөрүлүп турса, ага ырыскы түшпөй, үйдүн берекеси кемийт деп ишенишкен. Кир ыдыш-аякты түнгө калтыруу да туура эмес деп эсептелип, түн ичинде кир идишти «шайтан аралайт» деген түшүнүк болгон. Үйдө конок отурганда казан-аякты калдыратып, тарактатып жууганга болбойт мындай аракет конокту жактырбагандыктын жана анын кетишин каалагандын белгиси катары кабыл алынган.

Супараны жууганга, тулганды тепкенге, туткучту тебелегенге, түпкүчтү аттаганга жана казандын көөсүн тепкенге болбойт. Казанга суу куюп аралаштыруу да жаман жышаан катары кабыл алынган.

Бычакты нанга аарчууга болбойт. Бычакка байланышкан карама-каршы мүнөздөгү коргоочу ырым да болгон: ээн талаада түнөп калган адам өзүнүн айланасын бычак менен чийип койгон. Мылтыкты аттоого, шыпыргы менен адамды чабууга жана көсө менен мал кайтарууга да тыюу салынган. Ала арканды аттоого болбойт деп эсептелген.

Бешик да өзгөчө кадырланган тиричилик буюмдарынын бири болгон. Бешикке өбөктөөгө, аны эки киши көтөрүүгө жана бош бешикти жөнү жок терметүүгө тыюу салынган. Бул тыюулар бешиктин бала жана үй-бүлөнүн тукум улоосу менен байланышкан сымволдук маанисин көрсөтөт.

(5)кийим-кечек жана төшөнчү буюмдарга байланыштуу тыюулар

Баш кийимди тебелөөгө жана аны жөнү жок тегеретүүгө болбойт. Баш кийимди тепсөө адамдын кадыр-баркына, башына жана бактысына байланыштуу жамандык катары кабыл алынган. Чапанды желбегей кийүү да жаман жышаан катары эсептелген.

Бут кийимди бийик жерге коюуга болбойт андай кылса «душманың сенден бийик болот» деп ишенишкен. Жатканда кейиш, шым, байпак сыяктуу дененин төмөнкү бөлүгүнө кийилүүчү кийимдерди башына жазданып жатууга тыюу салынган. Өзүнүн же башка адамдын кийим-кечегин тебелөө да туура эмес деп эсептелген. Жастыкты тебелөөгө жана жыйылган жүктүн үстүнө жатууга да болбойт.

Сөздү жыйнактап айтканда, памир кыргыздарынын тамак-аш жана материалдык турмушка байланыштуу тыюулары күнүмдүк тиричиликтин дээрлик бардык баскычтарын - тамак даярдоодон баштап дасторкон жаюуга, эт бөлүштүрүүгө, ыдыш-аякты колдонууга, үй буюмдарын сактоого жана кийим-кечекке мамиле кылууга чейин - жөнгө салып турган. Алардын өзөгүндө ырыс-кутту жана берекени сактоо, тамак-ашты кор кылбоо, үй буюмдарын

кадырлоо, меймандостук жана улуу-кичүү тартибин сактоо, тазалыкты камсыз кылуу сыяктуу баалуулуктар жатат.

Өзгөчө нан, ак, дасторкон, казан, баш кийим жана бешик сыяктуу нерселердин тегерегинде топтолгон тыюулар алардын практикалык кызматынан тышкары сымволдук мааниге да ээ болгонун көрсөтөт. Тамак-ашты ысырап кылбоо, ыдыш-аякты таза кармоо, тамак үстүндө үн чыгарбоо, тамакты адеп менен бөлүшүү сыяктуу эрежелерде турмуштук тажрыйба менен этикалык талаптар айкалышса, ырыс-куттун качышы, көз тийүү же жаман жышаан жөнүндөгү түшүнүктөрдө салттуу ишенимдердин таасири көрүнөт. Ошентип, бул тыюулар памир кыргыздарынын материалдык маданиятин гана эмес, үй-бүлөлүк тартип, меймандостук, береке жана буюмдук дүйнөгө болгон мамиле жөнүндөгү маданий түшүнүктөрүн да чагылдырат.

IV. Табият, мезгил-мейкиндик жана экологияга байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын салттуу дүйнө таанымында адам табияттан өзүнчө турган эмес, тескерисинче, айлана-чөйрө, мезгил, суу, от, асман телолору, өсүмдүктөр жана жашоо мейкиндиги менен өз ара байланышта каралган. Ушуга байланыштуу күндүн белгилүү убактарында аткарылуучу же аткарылбай турган иштер, табигий кубулуштарга мамиле, суу менен отту пайдалануу, өсүмдүктөрдү коргоо жана айрым мейкиндиктерде жүрүм-турумду чектөө сыяктуу тыюулар калыптанган. Бул тыюуларда байыркы ишенимдер менен катар күнүмдүк турмуштук тажрыйба, коопсуздук жана табигий ресурстарга аяр мамиле кылуу түшүнүктөрү да айкалышып турат.

(1)түнкү убакытка жана беймаалга байланыштуу тыюулар

Караңгы киргенден кийинки мезгил өзгөчө сактыкты талап кылган убакыт катары кабыл алынган. Аялдардын жана кыздардын караңгыда сууга барышына, кичине балдарды түнкүсүн сыртка алып чыгууга тыюу салынган. Түн ичинде айылчылап жүрүү да туура эмес деп эсептелген. Мындай чектөөлөрдө караңгы мейкиндикке байланышкан ишенимдер менен катар түнкү убактагы коопсуздукту сактоо зарылдыгы да байкалат.

Түндө үйдөн чок, сүт жана башка ак азыктарды сыртка берүүгө, кошунадан ак сууроого, туз сууроого же берүүгө болбойт деп эсептелген. Бул тыюулар үйдүн ырыс-куту менен берекесин түн ичинде сыртка чыгарбоо түшүнүгү менен байланышкан. караңгыда ак учук тигүүгө, кара жүн ийирүүгө, чач тараганга, тырмак алганга, үй шыпырганга, күл төккөнгө жана таштанды чыгарганга да тыюу салынган. Үйдү караңгыда шыпыруу душманды көбөйтөт деген ишеним болгон. Күл менен таштандыны беймаалда сыртка чыгаруу да үйдүн берекесине жана үй-бүлөнүн амандыгына терс таасир этет караңгыда табияттагы бемалим күчтөр жабышып жаман таасирин тийгизиши мүмкүн деп кабыл алынган. Түн ичинде мал союуга болбойт. Оорулууну беймаалда сурап баруу, жаңы төрөлгөн баланы көрүүгө баруу да ылайыксыз деп саналган. Түндө түш айтууга, ыйлоого жана айнекке көрүнүүгө тыюу салынган. Шамда жатуу да жамандыкка жорулган.

Убакытка байланыштуу мындай тыюулар күндүз менен түндүн жөн гана физикалык айырмасын эмес, алардын салттуу маданыяттагы сымволдук чек арасын да көрсөтөт. Күндүз активдүү тиричиликке ылайык коопсуз мезгил катары кабыл алынса, караңгы жана беймаал убакыт сактыкты, чектөөнү жана айрым иштерден баш тартууну талап кылган мезгил катары бааланган.

(2)асман телолоруна жана мезгилдик белгилерге байланыштуу тыюулар

Асман телолоруна карата да белгилүү жүрүм-турум эрежелери сакталган. Караңгыда жылдыз санооого тыюу салынган. Айдын жарыгында кыздардын чачын тарашы жана өрүшү да туура эмес деп эсептелген. Күн чыккан учурда күндү карап даарат ушатууга болбойт деген чектөө болгон. Айрым календарлык мезгилдер өзгөчө маани алып, улуу ай, улуу күндөрдө жаман иш кылбоо, жаман сөз сүйлөбөө талап кылынган. Айт күндөрү бооз, арык, денесинде кемтиги бар же өтө жаш жандыкты союуга тыюу салынган. Бул көрүнүштөр асман телолору менен календарлык убакыттын салттуу дүйнө таанымда сапаттык мааниге ээ болгонун көрсөтөт. Башкача айтканда,

бардык мезгил бирдей эмес, айрым убактар өзгөчө сый-урматты жана жүрүм-турумдук чектөөлөрдү талап кылган.

(3)аба ырайы жана табигий кубулуштарга байланыштуу тыюулар

Шамалды жана жаанды сөгүүгө тыюу салынган. Табигий кубулуштарды жамандап, каргап-шилөө туура эмес иш катары кабыл алынган. Жаан жаап жатканда алаканды жаанга тосууга да тыюу салынып, андай кылса жаан алтымыш күнгө чейин токтобой жаайт деген ишеним болгон. бул тыюуларда табигий кубулуштар адамдын каалоосуна баш ийген жөнөкөй көрүнүш катары эмес, өз алдынча күчкө ээ жаратылыш кубулуштары катары кабыл алынганы байкалат. Ошондуктан аларга карата этият мамиле кылуу, сөгүп-каргабоо жана чектен чыккан аракет жасабоо талап кылынган.

(4)сууга байланыштуу тыюулар

Суу күнүмдүк тиричиликтин негизги булагы катары өзгөчө аяр мамилени талап кылган. Сууга заара кылууга тыюу салынган мындай аракет жамандыкка жорулган. Бул чектөө суу тазалыгын сактоо менен катар сууга болгон салттуу урматты да чагылдырат. Суу ичүүнүн да өз тартиби болгон. Сууну туруп ичпей, отуруп, идиштен акырын ууртап ичүү талап кылынган суу же башка суюктукту тынып ичүүгө болбойт деп эсептелген. алыскы сапардан кайткан адамга байланыштуу суу менен аткарылуучу коргоочу ырым да болгон: анын башынан суу үч жолу тегеретилип, түкүртүлгөндөн кийин суу сыртка төгүлүп, идиш көмкөрүлүп, белгилүү убакытка чейин колдонулган эмес. Мындай көрүнүштөрдө суу эки мааниде - жашоо булагы жана тазалоочу-коргоочу каражат катары кабыл алынган. Ошол себептен сууга байланыштуу тыюулар экологиялык тазалык менен сымволдук тазалануу түшүнүктөрүн бириктирип турат.

(5)отко жана күлгө байланыштуу тыюулар

Отко болгон мамиле да бир катар тыюулар аркылуу жөнгө салынган. Отту тепкенге, отко түкүргөнгө жана очокту жөнү жок тегеренип жүрүүгө болбойт деп эсептелген. Отко түкүргөн адамдын тиши ооруйт деген ишеним болгон.

Сөөктү, пиязди жана шыпыргычты отко салууга тыюу салынган. Шыпыргычты отко салса баланын башы таз болуп калат деп жорулган. Чычаланы тепсөө да туура эмес деп эсептелген. Күлдү тебелөөгө болбойт. Күлдү басканда таза эмес нерселер адамга жабышат деген түшүнүк болгон. Ошондой эле күлдү беймаалда төгүү, аны жөнү жок сыртка чыгаруу да чектелген. от жана күлгө байланыштуу мындай тыюулар очоктун үй-бүлөлүк жашоодогу борбордук ордун көрсөтөт. От жылытуу жана тамак бышыруу каражаты гана эмес, үйдүн бүтүндүгү, тиричиликтин үзгүлтүксүздүгү жана береке менен байланышкан маанилүү сымволдук элемент болгон.

(6)өсүмдүктөргө жана жаратылыш обектилерине байланыштуу тыюулар

Жаңы өнүп чыккан чөптү жөнү жок жулууга болбойт деп эсептелген. Жалгыз өскөн даракты да кыйбай, сактап өтүү талап кылынган. Ак ташты сүрүп ойноого тыюу салынып, андай кылса бөрүнүн тиши курчуйт деген ишеним болгон. Жерди таянып отуруу да туура эмес деп эсептелген. бул тыюуларда өсүп турган өсүмдүктү, жалгыз даракты, жер жана таш сыяктуу табигий обектилерди жөнү жок бүлүндүрбөө түшүнүгү байкалат. Айрымдары мифологиялык ишенимдер менен түшүндүрүлгөнү менен, алардын жүрүм-турумдук натыйжасы табигий чөйрөгө этият мамиле кылууга багытталган.

(7)мейкиндик жана чек ара түшүнүгүнө байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын салттуу түшүнүгүндө айрым мейкиндиктер жана мейкиндиктик чектер өзгөчө мааниге ээ болгон. Босогодо жөнү жок туруп калууга, босогону тепкенге же керип басууга тыюу салынган. Босого үйдүн ички жана сырткы дүйнөсүн бөлүп турган чек катары кабыл алынгандыктан, ага байланыштуу жүрүм-турум өзгөчө тартипке салынган. башка бирөөнүн чатырагынан өтүүгө болбойт деп эсептелип, андай кылса адамдын бою өспөй калат деген ишеним болгон. Ээн талаада түнөп калган учурда адам өзүнүн тегерегин бычак менен

чийип коюшу керек болгон. Бул аракет белгисиз жана коркунучтуу мейкиндиктен өзүн коргоочу шарттуу чек түзүү катары кабыл алынган. мындай тыюулар өздөштүрүлгөн үй мейкиндиги менен белгисиз сырткы мейкиндиктин ортосундагы чек жөнүндөгү салттуу түшүнүктү чагылдырат. Үй, босого, айыл жана ээн талаа бирдей мааниге ээ болбой, алардын ар биринде өзүнчө жүрүм-турум нормалары иштеген.

Сөздү жыйнактап айтканда, памир кыргыздарынын табият, мезгил-мейкиндик жана экологияга байланыштуу тыюулары адам менен айлана-чөйрөнүн өз ара байланышын жөнгө салган кеңири маданий механизмди түзөт. Алардын бир тобу күндүз менен түндүн, ылайыктуу мезгил менен беймаал убакыттын чек арасын аныктаса, экинчи тобу суу, от, шамал, жаан, жер, өсүмдүк жана башка жаратылыш элементтерине болгон мамилени жөнгө салган. Үчүнчү бир тобу үй, босого, айыл жана ээн талаа сыяктуу мейкиндиктердин маданий маанисин белгилеген.

Бул тыюулардын негизинде табияттан коркуу гана эмес, аны урматтоо, ресурстарди таза сактоо, кооптуу мезгилдерде жана мейкиндиктерде этият болуу, өсүмдүктөрдү жана суу булактарын коргоо, үйдүн ырыс-кутун сактоо сыяктуу практикалык жана маданий принтсиптер жатат. Ошондуктан аларды памирдин бийик тоолуу шартында көп кылымдар бою калыптанган салттуу экологиялык билимдин жана мезгил-мейкиндик түшүнүгүнүн этномаданий көрүнүшү катары кароого болот.

V. Тил жана коомдук мамиле адебине байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын салттуу маданиятында сөз адамдын оюн билдирүүчү каражат катары гана эмес, айлана-чөйрөгө, адамдын тагдырына, ырыс-кутуна жана адамдар ортосундагы мамилеге таасир этүүчү күч катары да кабыл алынган. Ушундан улам айрым нерселерди түз атабоо, жагымсыз маанидеги сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштыруу, улуу-кичүүгө жараша сүйлөө, кайгы-кубаныч учурунда сөз тандоо, конок менен мамиледе белгилүү сөздөрдөн качуу сыяктуу тилдик тыюулар калыптанган. Мындай тыюулар тилдик эвфемизм, ат тергөө, сөздөн сактануу жана сүйлөө адеби аркылуу ишке ашып, коомдук мамилелерди жөнгө салуучу жазылбаган эрежелердин маанилүү бөлүгүн түзгөн.

(1)мал-жанды жана анын абалын атоого байланыштуу тилдик тыюулар

Мал чарбачылык турмушунда малдын санын, туутун жана абалын билдирген айрым сөздөрдү түз колдонууга этият мамиле жасалган. Мал саналып бүткөндө «түгөдү» деп айтууга тыюу салынып, анын ордуна «байыды» деген жакшы маанилүү сөз колдонулган. Мунун негизинде сөз аркылуу малдын көбөйүшүнө же азайышына таасир этүүгө болот деген салттуу түшүнүк жаткан. Мал семирип, көзгө көрүнүктүү болгондо аны ашыкча мактап, «абдан семириптир», «кандай келишкен кочкор», «кандай келишкен бука» деген сыяктуу сөздөрдү айтуу да туура эмес деп эсептелген. Мындай сүйлөөнү «сүйлөнүү» деп атап, анын натыйжасында малга көз тийип, ооруп же өлүп калышы мүмкүн деп ишенишкен. Жаныбарлардын туутун билдирүүдө да өзгөчө сөздөр колдонулган. Мышык тууганда түз «тууду» дебей, «асландады», ит тууганда «күчүктөдү» деп айтуу талап кылынган. Ошентип, туутка байланышкан тилдик тыюулар мал-жандын көбөйүшүн сактоо, жаман жышаандан жана көз тийүүдөн качуу түшүнүгү менен байланышкан.

(2)тууганчылык аталыштарына жана ат тергөөгө байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарында тууганчылык мамилелердеги эң өнүккөн тилдик тыюулардын бири - ат тергөө салты. Айрыкча келин күйөөсүнүн жана кайын журтундагы улуу адамдардын аттарын түз айтпаган. Күйөөсүн «баланчанын атасы», «биздин киши», «биздин үйдүн кишиси», кайната-кайненесин «атам», «енем» деп атаган. Кайын агаларын кесибине, өнөрүнө же коомдук өзгөчөлүгүнө жараша «мугалым агам», «врач агам», «комузчу агам», «мерген агам», «жыгаччы агам» сыяктуу урматтоо маанисиндеги аталыштар менен атаган. Кайнилерин «жанагы бала», кайын сиңдилерин «жанагы кыз» деп тергөө да колдонулган.

Ат тергөөдө адамды кемсинткен же терс сапатын билдирген «семиз бала», «кодо агам», «кара бала», «чоң баш бала» сыяктуу аталыштарды колдонууга жол берилген эмес. Улуу адамдын өз

аты гана эмес, анын аты менен үндөш же ошол аттын курамына кирген күнүмдүк сөздөр да тергелген. Ошондуктан аты бокбай болгон адамдын алдында бок сөзүнүн ордуна «тезек», аты кара болсо кара ордуна «ымырт», аты балта болсо балта ордуна «чоң керки», аты жылкыбай болсо «улуу баатыр» сыяктуу алмаштыруучу сөздөр колдонулган.

Улууларды «сен» деп сенек сүйлөбөй, «сиз» деп кайрылуу, өзүнөн улууларды атына ага, эже сыяктуу урматтоо сөздөрүн кошуп атоо талап кылынган. Адамды анын денелик кемчилигин билдирген «төкөр», «чолок» сыяктуу терс лакаптар менен атаганга да тыюу салынган.

Үч муун бир жерде турган учурда да өзгөчө атоо тартиби сакталган. Атасы тирүү жана ошол жерде турганда адам өз баласын «балам» деп атабай, ал эми небере чоң атасынын көзүнчө өз атасын «атам» деп атабаган. Бул көрүнүш муундар иерархиясин жана чоң үйдүн беделин тил аркылуу сактоого багытталган.

(3)түстөрдү атоого байланыштуу тилдик тыюулар

Түс аталыштарына да сымволдук маани берилип, айрым жаныбарларды атоодо ак жана кызыл сөздөрүн түз колдонууга чектөө коюлган. Ак түстөгү арам деп эсептелген жаныбарларга карата «ак ит» ордуна «куу ит», «ак эшек» ордуна «куу эшек», «ак түлкү» ордуна «куу түлкү», «ак бөрү» ордуна «куу бөрү» деп айтылган.

Кызыл түстөгү итти «сары ит», кызыл түстөгү жылкыны «жээрде жылкы» деп атоо колдонулган. Ак жана кызыл түстөрдүн мындай тилдик жактан тергелиши алардын салттуу дүйнө таанымдагы өзгөчө сымволдук орду менен байланышкан. Ак түс тазалык, ыйыктык, жакшы тилек жана бата менен байланышып, «ак бата» сыяктуу түшүнүктөрдө да көрүнгөн. Ошондуктан ыйык деп эсептелген түстүн атын айрым арам жаныбарларга түз колдонуу ылайыксыз деп эсептелген.

(4)оору-сыркоо жана өлүмгө байланыштуу тилдик тыюулар

Оор жана коркунучтуу оорулардын аттарын түз айтуудан качуу кеңири тараган. Спид жана рак сыяктуу оорулар «жаман оору», «сакайбас оору», чычкак оорусу «кара тумоо» деп тергелген. Мындай эвфемизмдер оору-сыркоону түз атап жамандыкты чакырбоо жана оорулуу адамдын көңүлүн оорутпоо максатын көздөгөн. Элдик түшүнүктөгү «жакшы сөз - жарым ырыс» деген принтсип да сөздүн жакшы-жаман натыйжа алып келүүчү күчүнө болгон ишенимди билдирет.

Өлүмдү түз билдирген «өлдү» сөзүн колдонуу да чектелген. Анын ордуна «каза болуптур», «көз жумуптур», «кетип калыптыр» деген жумшартуучу сөздөр айтылган. Баатыр адам жөнүндө «курман болду», кадыр-барктуу адам жөнүндө «жарык дүйнө менен коштошту», «түбөлүк уйкуга кетти», кичинекей бала жөнүндө «чарчап калыптыр» деген эвфемисттик сөз айкаштары колдонулган.

Өлүм кабарын жеткирүүдө да кабарды дароо жана түз айтууга болбойт. Алгач «ооруп калды», «зарыл иш болуп жатат» сыяктуу сөздөр менен жакындарын психологиялык жактан даярдап, андан кийин гана кабар берилген. Каза болгон үйдө катуу сүйлөөгө, өкүмдүү үн менен кайрылууга, кайгырып турган адамдарга орой сөз айтууга тыюу салынган. Мунун негизинде адамдын кайгысын бөлүшүү, көңүлүн аяоо жана сөз аркылуу кошумча жараат келтирбөө принтсиби турган.

(5)физиологиялык жана жыныстык түшүнүктөрдү айтууга байланыштуу тыюулар

Физиологиялык жана жыныстык темалар коомдук жерде, айрыкча улуулардын жана башка жыныстагы адамдардын алдында түз айтылбаган. Жыныстык мүчөлөрдү, жыныстык мамилени жана жаныбарлардын жупташуусун билдирген сөздөрдү ачык колдонуу уятсыздык катары бааланган. Мындай түшүнүктөрдү билдирүүгө зарылдык жаралганда түз аталыштардын ордуна кыйыр жана жумшартуучу сөздөр колдонулган.

Аялдардын физиологиялык абалы «етек кир», «ай көрүү», «аялдардын оорусу» сыяктуу кыйыр аталыштар менен берилген. Эркек менен аялдын жыныстык мамилеси «төшөк басуу» деп

тергелген. Бул тилдик көрүнүштөр коомдук уят, ыйбаа жана интимдик турмушту ачык талкуулабоо нормасы менен байланышкан.

(6)төрөт жана балага байланыштуу тилдик тыюулар

Бала төрөлгөндө анын жынысын түз «уулбу?», «кызбы?» деп суроонун ордуна уулду «бөрү», кызды «түлкү» деп каймана атоо колдонулган. Уулду бөрүгө, кызды түлкүгө салыштыруу алардын элдик аң-сезимдеги сымволдук сапаттары менен байланышкан.

Кичинекей баланы ашыкча мактап, «козум», «жаным», «болпоюп жакшы чоңойду», «тез чоңоюп, сүйкүмдүү болуптур» деген сыяктуу суктануу сөздөрүн көп айтууга да тыюу салынган. Мындай сөздөр баланын көзгө урунуусуна жана көз тийишине себеп болот деп эсептелген. Ошондуктан тескерисинче «жаман күчүк», «сасыгың» сыяктуу сыртынан терс угулган, бырок коргоочу мааниге ээ сөздөр колдонулган. бул көрүнүш тилдин коммуникативдик гана эмес, коргоочу функтсыясына да ишенилгенин көрсөтөт.

(7)мезгилге, каада-салтка жана маанилүү иштерге байланыштуу сөз тыюулары

Майрамдарда, аш-тойлордо, жылдын, айдын жана аптанын башында, ошондой эле таң эртең менен жаман сөз айтуудан сактанылган. «жакшы ай, жакшы күндө суук сөз айтпа» деген түшүнүккө ылайык, маанилүү мезгилдер жакшы сөз жана жакшы тилек менен башталышы керек болгон. Уктаар алдында да жаман сөз эмес, жакшы сөз сүйлөө талап кылынган.

Жолго чыгарда, жаңы үй сала баштаганда, окууга киришкенде, көчкөндө жана башка жаңы иш башталганда жаман сөз сүйлөөгө тыюу салынып, жакшы тилек айтуу салты кармалган. Караңгыда түш жорууга, оорулуунун абалын сурап барууга да чектөө коюлган. Дааратканa сыяктуу таза эмес жерде ыйык же улууланган сөздөрдү айтууга болбойт деп эсептелген. Ыйык жерлерде жаман сүйлөө, жерди, асманды жана табигий кубулуштарды каргап-сөгүү да тыюу катары кабыл алынган. «желдүү күнү сүйлөбө, сөзүң текке кетет» деген сөз да сүйлөө үчүн мезгил менен шарттын маанилүү экенин билдирген.

(8)конок күтүү жана меймандостуктагы тилдик тыюулар

Конокко кайрылууда сөз тандоо меймандостук адебинин маанилүү бөлүгү болгон. Үйгө келген кишиден түз эле «емнеге келдиң?», «канча күн турасың?» деп суроо ылайыксыз саналган. Дасторкон жайганда да «жейсиңби, жебейсиңби?» деп сурооого болбойт тамакты коноктун алдына коюп, тандоону анын өзүнө калтыруу туура деп эсептелген. Бул принтсип «коноктун алдына аш кой, эки колун бош кой», «сурап бергенче, уруп бер» деген элдик сөздөрдө чагылдырылган.

Конокко «кел» деген сөз айтылып, «кет» деген сөздү колдонбоого аракет кылынган. Жатаар убакыт келгенде да түз «уктайлы» дебестен, «ешик-еликке чыгып келели» деген кыйыр сөз колдонулган. Конокту үйдүн берекесин алып келүүчү адам катары кабыл алуу мындай сөз маданиятинин негизин түзгөн.

Үйдө конок турганда үй шыпыруу да анын кетишин каалагандай кабыл алынган. Казан-аякты катуу калдыратып жуу конокту жактырбагандыктын белгиси деп эсептелген. Конокко урматсыз сүйлөө же мамиле кылуу жалпы адептик тыюулардын катарына кирген.

(9)жалпы сүйлөө жана коомдук мамиле адебине байланыштуу тыюулар

Сүйлөшүүнү саламдашпай баштоого болбойт. Улуу адамдар менен сөз талашуу, аларга каяша айтуу, сөзүн бөлүү, сөзүнө «кашык салуу», алардын алдында керилип-чоюлуу, эснөө жана кол шилтөө адепсиздик катары кабыл алынган. Ата-енени капа кылуу жана алардын сөзүн укпоо да катуу сындалган. Үч киши отурган жерде экөөнүн өзүнчө шыбырашып сүйлөшүүсү туура эмес деп эсептелген. Сүйлөшүп жаткан эки кишинин ортосунан өтүүгө да тыюу салынган. Башкалардын сөзүн бөлүү, сүйлөө кезегин бербей узак сүйлөө, күңүрт сүйлөө же оюн толук бүтпөй таштоо да сүйлөө маданиятина туура келбеген. калп айтууга, ушак кылууга, далилсиз адамды каралоого, келсе-келбес ант ичүүгө, убадада турбоого жана маанисиз көп сүйлөөгө тыюу

салынган. Антты жөнү жок колдонгон адамды «ант урат» деген ишеним болгон. Баласы бар үйдө калп сүйлөөгө өзгөчө жол берилген эмес.

Өзүн жогору коюп, акимсинип, мактанип-көйрөңдөнүп сүйлөө жакшы сапат катары кабыл алынган эмес. Эр азаматтын жакшысы аз сүйлөп, көп угушу керек деген талап коюлган. Аялдардын, айрыкча кыздардын, сылык жана токтоо сүйлөп, оюн кыйыр түрдө билдирүүсү адептүүлүктүн белгиси катары бааланган. Кыздарды катуу кагып-силкип сүйлөө анын «багын сындырат» деп эсептелген.

Ойлонбой сүйлөө да катуу сындалып, «ойлобой сүйлөсөң, оорубай өлөсүң» деген макал менен эскертилген. Байкуш-бечараларга суук сөз айтууга, адамдын кайгысына кубанууга, башканы кемсинтүүгө жана орой сөз колдонууга жол берилген эмес. Тантып көп сүйлөө, куру насаат айтуу жана орунсуз акыл үйрөтүү да сүйлөө адебине каршы көрүнүш катары бааланган.

(10)дасторкон үстүндөгү сөз тыюулары

Тамак ичип жаткан учурда ыплас нерселер, адамдын же жаныбардын чыгындылары, чочко жана башка арам деп эсептелген жаныбарлар жөнүндө сөз кылууга тыюу салынган. Мындай сөздөр дасторкондогулардын көңүлүн айнытып, тамактан жийиркенүүгө алып келет деп эсептелген.

Даярдалган тамакты «жакшы болбой калыптыр», «мындай болуп калыптыр» деп сындоо да туура эмес саналган. Бул тыюу тамак-ашты ырыскы катары кадырлоо жана үй ээсинин эмгегин сыйлоо менен байланышкан.

Тамак үстүндө улуулар менен сөз талашпоо, оозго тамак салып алып сүйлөбөө жана күлбөө, тамактануу учурунда тынч жана сылык отуруу да сүйлөө адебинин ажырагыс бөлүгү болгон.

Сөздү жыйнактап айтканда, памир кыргыздарынын тил жана коомдук мамиле адебине байланыштуу тыюулары коомдук турмуштун дээрлик бардык чөйрөсүн камтыйт. Алардын бир бөлүгү айрым сөздөрдү түз айтуудан качып, эвфемизмдерди колдонууга негизделсе, экинчи бөлүгү тууганчылык иерархиясин ат тергөө аркылуу жөнгө салган. Үчүнчү бөлүгү оору, өлүм, физиология, төрөт жана башка сезимтал темаларда адамдын көңүлүн аяп, кыйыр сүйлөөнү талап кылган. Ал эми сүйлөө адебине байланыштуу тыюулар улуу-кичүү мамилесин, меймандостукту, сөз кезегин, чынчылдыкты жана коомдук ынтымакты сактоого багытталган. Бул жерде сөзгө карата эки негизги түшүнүк айкалышат. Биринчиден, сөздүн таасир этүүчү күчүнө ишенүү - жакшы сөз жакшылык алып келет, жаман сөз жамандыкты чакырат деген түшүнүк. Экинчиден, сөздүн сотсыалдык жоопкерчилиги - туура эмес айтылган сөз адамдын көңүлүн оорутуп, туугандык мамилеге, коомдук абройго жана адамдардын ынтымагына доо кетириши мүмкүн деген көз караш. Ошондуктан тилдик тыюулар памир кыргыздарынын сөз маданиятин гана эмес, урмат-сый, ыйбаа, улууну сыйлоо, кайгыны бөлүшүү, меймандостук жана коомдук ынтымак жөнүндөгү этикалык системасин да чагылдырат.

VI. Ишенимдер, ыйык жерлер жана тазалыкка байланыштуу тыюулар

Памир кыргыздарынын салттуу дүйнө таанымында ишеним, ыйыктык жана тазалык түшүнүктөрү бири-бири менен тыгыз байланышта каралган. Ыйык багыттарга, мазар-бейиттерге, мечитке, отко, сууга жана адамдын денесинен бөлүнүп чыккан заттарга карата мамиле белгилүү тыюулар аркылуу жөнгө салынып турган. Бул чектөөлөрдүн бир бөлүгү ысламдык диний түшүнүктөргө негизделсе, дагы бир бөлүгүндө байыркы элдик ишенимдер, ырым-жырымдар, жин-шайтан, көз тийүү, жана коргоочу күчтөр жөнүндөгү түшүнүктөр сакталган. Ошондуктан бул топтогу тыюуларды диний норма, рытуалдык тазалык жана элдик ишенимдердин өз ара айкалышкан системаси катары кароого болот.

(1) ыйык багытка байланыштуу тыюулар

Кыбыла ысламдык диний аң-сезимде ыйык багыт катары өзгөчө урматталган. Ошондуктан кыбыланы карап даарат ушатууга тыюу салынган. Уктаганда да бутту кыбыла тарапка сунуп жатуу туура эмес деп эсептелген. Бул тыюуларда мейкиндиктин бардык багыттары бирдей кабыл алынбастан, кыбыла өзгөчө сакралдык маани алган. Ага дененин төмөн жагын буруу, бут

сунуу же физиологиялык муктаждыкты аткаруу урматсыздык катары бааланган. Демек, диний ишеним адамдын белгиленген милдеттерди аткаруусу менен гана чектелбестен, күнүмдүк дене кыймылына жана мейкиндикте өзүн алып жүрүүсүнө чейин таасир эткен. Мындан башка күн чыккан тарапка карап дарат кылуу, үйдүн эшигин чыгышка эмес батышка кылуу да тыйылган. Мунун себеби ысыламдан мурдагы кездердеги элдин күндү ыйык билип ишеним катары тутунгандыгынан болсо керек.

(2)бейит, мазар жана мечитке байланыштуу тыюулар

Бейит менен мазар өлгөндөрдүн жайы гана эмес, өзгөчө урматтоону талап кылган ыйык мейкиндик катары кабыл алынган. Бейитти кол менен сөөмөй кезеп көрсөтүүгө болбойт. Мазар тарапты карап даарат ушатууга жана мазардын үстүн тебелөөгө тыюу салынган. Мазарды тебелеген адамдын буту шал болуп калат деген ишеним да болгон. Мечиттин тазалыгын сактоо да диний милдет катары кабыл алынган. Мечитке түкүрүүгө жана анын ичинде даарат ушатууга катуу тыюу салынган. бул тыюулардын негизинде ыйык мейкиндикти күнүмдүк жана ыплас мейкиндиктен ажыратуу принтсиби жатат. Бейит, мазар жана мечитке карата дене кыймылы, физиологиялык аракет жана сөз-иш аркылуу урмат көрсөтүү диний адептин маанилүү бөлүгү болгон.

(3)ысламдык ишенимдер менен байланышкан күнүмдүк тыюулар

Ысламдык түшүнүктөр күнүмдүк чарбалык иштерге да аралашкан. Мал саар алдында колду жууп, андан соң «бысмылла» деп саанды баштоо талап кылынган. Бул жерде тазалык менен диний бата бир аракеттин ичинде айкалышкан: колду жуу физикалык тазалыкты камсыз кылса, «бысмылла» айтуу иштин берекелүү жана коопсуз болушуна багытталган диний ишенимди билдирген.

Мышыкты теппөө, кыйнабоо жана уктап жаткан мышыкты ойготпоо да диний баян менен түшүндүрүлгөн. Уктап жаткан мышыкты пайгамбар ойготпой, кийиминин жеңин кесип кеткен деген элдик баян мышыкка аяр мамиле кылууну негиздеген. Жаныбарды жөнү жок кыйноо убал катары кабыл алынып, анын жоопкерчилиги акыретте кайтып келет деген түшүнүк болгон. Тамакты жатып алып жегенге болбойт деген тыюу да шайтан жөнүндөгү диний түшүнүк менен байланышкан: жатып тамак жеген адамдын үстүнөн шайтан секирип өтөт деп ишенилген.

Кир ыдыш-аякты түнгө калтыруу да туура эмес деп эсептелип, аны түн ичинде шайтан аралайт деген түшүнүк болгон.

(4)жин-шайтан, көз тийүү жана коргоочу күчтөргө байланыштуу ишенимдер

Айрым тыюулар ысламдык түшүнүктөр менен элдик магиялык ишенимдердин катмарлашуусун көрсөтөт. Төрөт учурунда «карасы бар» деп эсептелген адамдарды төрөп жаткан аялдын жанына жолотпоо керек болгон. Мындай адамдарга жин-шайтан байланышы бар деген түшүнүк берилип, алардын катышуусу төрөттү оорлотот деп ишенишкен.

Көз тийүү түшүнүгү да диний-магиялык ишенимдердин маанилүү бөлүгүн түзгөн. Малдын, баланын же азык-түлүктүн кооздугуна ашыкча суктануу алардын бузулушуна, оорушуна же жоголушуна алып келет деп кабыл алынган. Котоздун сүткө толгон желинине суктанып карабоо, кичинекей баланы ашыкча мактабоо, айрым тамактарды даярдоодо бөтөн көздөн жашыруу сыяктуу тыюулар ушундай түшүнүктүн негизинде калыптанган.

Ооруну кайтаруу жана дарылоо ырымдарында умай эне жана батма-зуура аттары бирге айтылган. Котоздун желини сезгенгенде маркумду жууган ак чүпүрөктү колдонуп, «менин колум эмес, умай эненин, батма-зууранын колу» деп үч жолу сылаган. Мындай ыкма бала эмизген аялдын эмчеги ооруп калган учурда да колдонулган.

Мында ысламдык каармандарга байланышкан түшүнүктөр менен андан мурдагы элдик коргоочу эне образдары бир ырымдык системанин ичинде катар жашап калганын көрүүгө болот.

(5)дене тазалыгы жана физиологиялык аракеттерге байланыштуу тыюулар

Физиологиялык аракеттерди кайсы жерде аткарууга болору тазалык түшүнүгү аркылуу катуу жөнгө салынган. Күлгө, жолго, желеге жана сууга заара кылууга тыюу салынган. Сууга заара кылган адамдын энесинин эмчеги ооруйт деген ишеним да айтылган. темирге заара кылууга да болбойт деп эсептелген. бир нече кишинин бир чуңкурга заара кылуусуна тыюу салынып, андай кылса «кош киндик болуп калат» деген ишеним болгон. Колуңду тамчыга жууба деген тыюу да тазалыкка байланышкан эрежелердин катарына кирген.

Бул чектөөлөрдө тазалык жөн гана жеке гигиена катары эмес, адамдын денеси, коомдук мейкиндик жана айлана-чөйрө ортосундагы тазалык чек арасын сактоочу салттуу норма катары түшүнүлгөн.

(6)чач, тырмак жана денеден бөлүнгөн нерселерге байланыштуу тыюулар

Чач менен тырмак адамдын денесинен бөлүнүп чыккандан кийин да жөнөкөй таштанды катары кабыл алынган эмес. Тырмакты отко салууга болбойт. Чачты же алынган тырмакты каалаган жерге ыргытып жиберүү да жамандыкка жорулган. Аларды калтага же чүпүрөккө ороп, таза жерге көмүү туура деп эсептелген.

Мындай мамиле денеден бөлүнгөн нерселерде адам менен болгон сымволдук байланыш дагы эле сакталат деген салттуу түшүнүккө жакын турат. Ошондуктан аларды ыплас же белгисиз жерге таштабай, таза жерге жашыруу адамды мүмкүн болгон терс таасирден коргоонун жолу болгон.

(7)кан, сөөк, кир суу жана көөгө байланыштуу тазалык тыюулары

Канды тебелөөгө болбойт деп эсептелген. Ошондой эле талаада жаткан сөөк-сааkти тебелөөгө же тепкенге тыюу салынган.

Кирдин суусун тебелөө да жамандыкка жорулган. Казандын көөсүн басууга болбойт деп эсептелген. Шыпырынды менен күлдү бирге сыртка чыгарууга да тыюу салынып, андай кылса өлүм менен той бир күндө келет деген ишеним болгон.

Бул тыюулар тазалык менен ыпластыктын чек арасын гана эмес, айрым калдыктарга берилген сымволдук маанини да көрсөтөт. Кан адамдын өмүрү менен, сөөк тирүү жандыктын калдыгы менен, күл очок менен, ал эми шыпырынды үйдүн күнүмдүк жашоосу менен байланышкандыктан, аларды жөнөкөй таштанды катары кароо туура эмес деп эсептелген.

(8)от, күл жана рытуалдык тазалыкка байланыштуу тыюулар

Отко түкүрүүгө, аны тепкенге жана күлдү тебелөөгө болбойт. Отко түкүргөн адамдын тиши ооруйт деп жорулган. Күлдү тепсеген адамга таза эмес нерселер жабышат деген түшүнүк болгон. сөөктү отко салуу да тыюу катары кабыл алынган. Мындай тыюуларда от бир жагынан тиричиликтин булагы болсо, экинчи жагынан тазалык жана ыйыктык менен байланышкан өзгөчө элемент катары кабыл алынган. Ошондуктан ага ыплас заттарды таштоо, түкүрүү же бут менен басынтуу ылайыксыз деп эсептелген.

(9)өлүккө байланышкан нерселердин рытуалдык колдонулушу

Каза болгон адамды жууган ак чүпүрөк жөнөкөй колдонулган буюм катары таштalбастан, жуып-тазаланып сакталып, кийин айрым дарылоочу жана коргоочу ырымдарда колдонулган. Котоздун желини сезгенгенде же эмизген аялдын эмчеги ооруп калганда ошол чүпүрөк менен сылап, умай эне менен батма-зууранын аты айтылган. Бул көрүнүш өлүм менен байланышкан нерсенин автоматтык түрдө «ыплас» деп четке кагылбаганын көрсөтөт. Тескерисинче, белгилүү рытуалдык шартта ал коргоочу жана айыктыруучу күчкө ээ нерсе катары кайра маанилештирилген. Мындай түшүнүк тазалык менен ыйластыктын салттуу системаси бир жактуу эмес, кырдаалга жараша өзгөрүп турган татаал маданий категория экенин көрсөтөт.

Жыйнактап айтканда, памир кыргыздарынын диний ишенимдер, ыйык жерлер жана тазалыкка байланыштуу тыюулары бир нече маданий катмардын өз ара айкалышын чагылдырат. Кыбыла, мечит, мазар, бейит сыяктуу тыюулар ысламдык дүйнө таанымдын таасирин көрсөтсө, умай эне, батма-зуура, көз тийүү, кусур, убал, ак чүпүрөк менен ырымдоо сыяктуу көрүнүштөр эң

мурдакы элдик ишенимдердин калдыктарын айгинелейт. Тазалыкка байланыштуу тыюулар болсо адам денесинин бөлүндүлөрүн, суу, от, күл, кан, сөөк, чач, тырмак жана тиричилик калдыктарын кандай шартта, кайсы жерде жана кандай мамиле менен колдонууга болорун жөнгө салган. Алардын негизинде ыйык менен күнүмдүктүн, таза менен ыпластын, коопсуз менен кооптуунун ортосундагы маданий чек түзүлгөн. Ошондуктан бул тыюуларды жөн гана диний ишенимдердин калдыгы катары эмес, памир кыргыздарынын диний аң-сезимин, рытуалдык тазалык түшүнүгүн, салттуу гигиеналык тажрыйбасын жана руханий дүйнө таанымын бириктирген көп катмарлуу маданий система катары кароо туура болот.

Пайдаланган адабияттар:

1.Сейпидин Ысак: памыр сересиндеги кыргыздар(автордун памир эл арасынан жыйнаган элдик материялинин тыйымдарга байланыштуу бөлүктөрү)
2.Адыл жуматурду, Мамбеттурду мамбетакун, Гүлбаар кожеш: кыргыздардын элдик ишенимдери жана коом, бейжин: улуттар басмасы,2009-жыл, 8-ай, 169-174 беттер.
3. Кален Асанакун: кыргыз элинин маданият салттары, шинжаң эл басмасы, 2012-жыл, 8-ай, 71-72 беттер.
4. Реми дор: ооган памириндеги кыргыздар, кыргызстан басмасы, 1993-жыл, 74-75 беттер.
5. Адыл жуматурду: кыргыздар, лыявниң эл басмасы, 2014-жыл, 12-ай, 28-37 беттер.
6. Лин хуин. Тсинхай элдик тыюулар маданиятинин өзгөчөлүктөрү жана сотсыалдык функтсыялары[j]. Тсинхай улуттар институтунун журналы (сотсыалдык илимдер сериясы), 2009, 35(2): 50-52.
7. Ма цзунбао. Түндүк-батиш аз сандуу улуттардын элдик ынстытуттук маданияти жана экологиялык коргоо[j]. Ички монголыя коомдук илимдер журналы (кытайча басылма), 2011, 32(1): 64-68.
8. Сейпидин Ысак: кыргыз тилиндеги тилдик тыюулар жөнүндө, кыргыз улуттук университети журналы, 2022-жыл,3-сан, 152-160беттер.

УДК 373.2:502.1:159.922.7

ЭРТЕ ЖАНА МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ: ПСИХОЛОГИЯЛЫК МЕХАНИЗМДЕР ЖАНА STEM-БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Абдулахамидова Барно Нурмухамедовна *- педагогика .илимдеринин.кандидаты.,доцент,ОшМПУ*
ORCID: 0009-0004-6620-1224, barno74@indox.ru

ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОЛОГО-ПСИХОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ ДЕТЕЙ РАННЕГО И ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА: ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ МЕХАНИЗМЫ И ВОЗМОЖНОСТИ STEM-ОБРАЗОВАНИЯ

Абдулахамидова Барно Нурмухамедовна *- кандидат педагогических наук, доцент, ОГПУ*
ORCID: 0009-0004-6620-1224, barno74@indox.ru

DEVELOPING ENVIRONMENTAL-PSYCHOLOGICAL CULTURE IN INFANTS AND PRESCHOOL CHILDREN: PSYCHOLOGICAL MECHANISMS AND THE POTENTIAL OF STEM EDUCATION

Abdulakhamidova Barno Nurmukhamedovna *- Candidate of Pedagogical Sciences Associate Professor,OSPU*
ORCID: 0009-0004-6620-1224, barno74@indox.ru